

# Куттубаев

КЫРГЫЗ
ИСКУССТВОСУ
МЕНЕН
АДАБИЯТЫНЫН
МОСКВАДАГЫ
ДЕКАДАСЫ
1958

## АМАНКУЛ

# КУТТУБАЕВ

*ҚЫРГЫЗ ССРинин ЭЛ АРТИСТИ*

КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИҚ БАСМАСЫ
*Фрунзе—1958*

Советтик бийлик орноп, айылдарда жаңы мектептер ачылып, аларга жарды-жалчылардын балдарынын окуй баштагандыгына жергиликтүү байлар, манаптар көрө албастык кылышкан. Алар,— «Жарды окуп кимди жарытмак эле. Ач адам да акылдуу болмок бекен. Билим жуккандарга жугат» дешип жардыларды келекелешкени эстен кетпейт. Бирок Аманкул мындай сөздөргө териккен эмес. Эки жылдын ичинде сабатын таза жоюп ал гана эмес айыл мектебине мугалим болуп калган эле. Бул ишке Аманкулду ошол мезгилдеги коомдук шарт өзү түрткөн. Ал жаш болсо да балдарды окутуп тарбиялоо ишине сергектик менен киришкен. Аманкулдан ондогон балдар сабатсыздыгын жоюп чыгышкан. Бул ошол мезгилде окулган араб тамгасындагы эң оор татаалдыктарды айтпаганыбызда да чоң прогресс болуучу.

Бирок Аманкул бул ийгилик менен токтолуп калган эмес. Дагы окуп билим алсам деген ой анын тынчын кетирген. Бул ой тез эле ишке аша койгон жок. Бул Аманкулдун мектепке өтө албагандыгынан эмес, ал учурда мектептердин али да болсо аздыгы бир топ даражада себепчи болгон. Ошол сыяктуу объективдүү себептердин негизинде Аманкул али отурукташпаган көчмөн кыргыз айлында эки жыл бою мугалим болуп иштеп калган.

Ал эми ошол мезгилде айыл арасында балдарды окутуп тарбиялоонун өзү да бир катар татаалдыктарды түзгөндүгүн танууга болбойт. Бул иш баарыдан мурда кыргыз элинин бир жерге отурукташпай көчмөндүү болуп келгендиги менен түшүндүрүлөт. Тоо-тоолордо, ар кайсы өзөндөрдө, кокту-колоттордо кыштаган элдин балдарын бир жерге чогултуп окутуу эң оор



«Айчүрөк» операсынан бир көрүнүш.

проблема болгон. Ушундай шарттар айрыкча жардылардын балдары үчүн өтө ыңтайсыздыкты түзгөн эле. Ал эми чогулган балдарды окутууга мектептин болбогондугун ким тана алат. Мына ошондуктан, көчмөн кыргыз элинин балдары Советтик бийликтин алгачкы мезгилинде боз үйлөрдө окутулган болучу. Анда эч кандай шарттардын болбогондугу баарыга белгилүү. Биз сөз кылып жаткан Кыргыз ССРнин эл артисти, Кыргызстан мамлекеттик Ленин ордендүү опера жана балет театрынын режиссёру Аманкул Куттубаевдин социалисттик коомдогу биринчи эмгектенүүсү мына ушундай шарттарда башталган.

Аманкулдагы болгон сапат анын сезимдүүлүгүндө эле. Ал

мугалимдердин методикалык жактан тажрыйба алмашуу жөнүндөгү кеңешмелеринен эч убакытта калуучу эмес. Андай кеңешмелерде ар бир мугалимдин окутуу методикасы, иш тажрыйбасы тааныштырылып жана талкууланып турар эле. Кеңешмелер кезек менен улам бир мектепте өткөрүлүүчү. Бул сыяктуу иш агартуу ишине жаңыдан умтулган жаш мугалим үчүн өтө кызыктуу болгон. Аманкул андан көп жаңылыктарды үйрөнгөн. Мектептердин алдында уюшулган ыр жана хор кружогун ал өзүнүн турмушунда биринчи жолу тажрыйбалуу мугалимдер иштеген мектептерде көргөн болучу. Бул иш жаш мугалимди ого бетер кызыктырган. Аманкул ал ырды, хорду көчүрүп жазып алып өзү окуткан балдарга үйрөткөн. Анын жетекчилиги менен уюштурулган мектептин алдындагы өз демилгелүү көркөм кружок кийинчерээк ошол мезгилдеги Аламүдүн районунун батыш зонасындагы бардык башталгыч мектептерге үлгү болуп калган эле.

Эч кандай музыкасыз, нотасыз болсо да, элдик обон менен окуучу балдардын ырдаган ыры, хору эл үчүн кызыктуу болгон. Ошондуктан бул ишке Аманкул көбүрөөк көңүл бөлүп, өз демилгелүү кружокко айылдагы өзү теңдүү жаштарды да тарта баштаган. Аманкулдун жетекчилиги менен окуучулардын кечеси уюштурулуп, ал майрамдарда, шайлоо күндөрүндө элге концерт берип, оюн көрсөтүп турушкан. Мектептин алдындагы кружок өзүнүн көркөмдүк деңгели жагынан бир канча муктаждыктарга учурагандыгына карабастан, айыл-кыштакты маданий-көркөм оюндар менен тейлөөдө аз да болсо өз салымын кошпой койгон эмес.

Окууну эңсеген Аманкул 1926-жылы Фрунзеде ачылган музыкалуу драмалык студияга келип кирет.

1926-жылы, музыкалуу-драмалык студияны ачуу менен бирге, ошол эле учурда профессионалдык театрды уюштурууда эч кандай шарт болбогон. Буга биринчиден, ошол мезгилге чейин кыргыз элинде театралдык искусствосунун болбогондугунун өзү эле көп кыйынчылыктарды келтирген. Экинчиден, анын негизги ядросу болгон актёрдук чыгармачылык кадрлар жок эле. Үчүнчүдөн, жаңы эле өнүгүп бараткан кыргыздын басма адабиятында жергиликтүү элдин турмушу көрсөтүлүп жазылган бир дагы пьесанын болбогондугу менен түшүндүрүлөт. Мына ушул сыяктуу шарттарды эске алып, улуу орус элинин өкүлү Н. Н. Еленин менен Д. Д. Мацуц жолдоштор кыргыздын музыкалуу-драмалык студиясынын ишин жакшыртууда зор күч жумшаган.

Н. Н. Еленин студиянын окуу программасын үзгүлтүккө учуратпай окуучуларга негизги сабактарды окутуу менен бирге, аларды тажрыйбалык ишке тарткан. Ошентип, 1926—1927-жылкы окуу жылынын сезонунда эле Н. Н. Еленин «Молдо-Насирдин» деген пьесаны студиянын жаш окуучулары менен даярдаган. Андан Аманкулга Молдо-Насирдиндин образын түзүү берилген.

Театралдык искусстводо мурда иштебегендик, ал гана турсун аны көрбөгөндүк Аманкул үчүн бир катар кыйынчылыктарды келтиргенин танууга болбойт. Бирок окуу процессинде жүргүзүлгөн актёр чеберчилиги, этюд сабактарын жакшы өздөштүргөндүк Молдо-Насирдиндин образын табууга көп жагынан жеңилдик кылган. Бул сабактарды өткөн учурда Н. Н. Еленин ар бир окуучудан,— турмуштагы чындыктын жандуу элестерин иштеп чыгууну талап кылуучу. Турмушту билүү, аны үйрөнүү искусствонун кызматкерлери үчүн кечиримсиз иш. Ансыз актер сахнада өзүнүн ишинин ийгилигин көрсөтүүгө мүмкүн эмес деп айтар эле. Бул Аманкулга таасын жеткен. Ошондуктан ал, молдонун образын турмуштагы чындыкка жакындатып элёстүү кылып түзгөн болучу.

Бетине грим сыйпанып, ала чапан кийип, башына селде оронуп Аманкул сахнага чыкканда анын сырткы кейпи куду эле молдонун өзүнө окшоп калган. Ал эми ойноодо да молдонун ички типтүү мүнөзүн туура таап чечкен.

Бул пьеса кыргыз тилинде биринчи коюлган спектакль болуп саналган. Башкача айтканда кыргыз элинин тарыхында жаңыдан алга кадам шилтеген кыргыздын театралдык искусствосунун эшиги ушул пьеса аркылуу ачылган деп айтсак да жаңылышпайбыз. «Молдо Насирдин» аттуу пьеса драматургиялык жактан болгон айрым кемчиликтерине карабастан, ал ошол мезгилдеги артта калган феодалдык-патриархалдык коомдун идеологиясына катуу сокку урган пьеса болучу. Мына ошондуктан айылдагы бай, манаптар театралдык искусствонун өнүгүшүнө көрө албастык менен мамиле кылышып, ал жөнүндө,— шаарда «маскарапос» уюму уюштурулуптур. Ал уюмга киргендер кудайга шек келтиришип, алла таалам өзү сүйгөн молдо-сопуларды туурай баштаптыр. «Акыр заман» башталат деген ушул дешип, дагы ушул сыяктуу ар түрдүү ушактарды таратышкан болучу.

Айрыкча Аманкулдун Молдо Насирдиндин ролун ойноп жүргөнүн көргөн молдолор,—«Куттубайдын томоягы дин мусулмандан чыгып бузулуптур. Молдону туурайт деген эмне!.. Аны

айылга жолотпогула. Кимде-ким аны үйүнө киргизип, тамак берип урматтаса, сыйласа, кудага күнөкөр болот. Эки дүйнөдө алла тааланын алдында бети кара болуп, тигил дүйнөгө барганда тозоктун отуна түшөт. Аманкулдун кылган күнөөсү анын жети атасына чейин зыяндуу. Эл-журт уулуңарды Куттубайдын уулундай болуудан сактагыла. Шаарга жибербегиле» деген сөздөрдү айтышкандыгы бизге маалым.

Айыл арасында болгон бул сыяктуу дүрбөлөң сөздөр Аманкулдун ага-туугандарынын да тынчын кетирген болучу. Эл арасында болгон жаманатты сөздөрдөн кутулуу үчүн аны агалары музыкалуу драмалык студиядан чыгарып алууга да аракеттенишкен. Бирок, ал ишке ашкан эмес. Октябрь революциясынын жеңишинен кийин бактысы ачылган жаш жигиттин театралдык искусстводогу биринчи кадамы мына ушундай шарттарда башталган болучу.

1927-жылы күзүндө студияга М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей» аттуу пьесасы пайда болду. Бул кыргыз жазуучулары тарабынан биринчи жазылган драма эле. Андан Аманкулга күйөө жолдош Алымкулдун образын түзүү тапшырылган. Молдо Насирдинге караганда күйөө жолдош болгон Алымкулдун образы Аманкулга көп жагынан жакын сезилген. Анткени күйөө жолдош болуп жүргөн жигиттерди ал айылдан көргөн. Бирок, күйөө жолдош Алымкулдун образы—жеңкетай сураган келиндердин ичи-бооруна кирип бирин — сөзү менен дагы бирин жакшы караган көзү менен ыраазы кылган жеңил-желпи жигиттерден эмес болучу.

Алымкул жер жайнаган малына көзү тойбогон, сарандыгы ашынган Чойбек байды жандап, ачуу-татуусун башынан өткөргөн эр ортону болуп калган шылуун киши болгон. Ал бирди эки кылууга, экини төрткө жеткирүүгө аракеттенген эпчил адам. Алдаса алдаган, бирок бирөөгө жемин жедирбеген, эң куу киши, Чойбектин сырын билип, анын ичи-бооруна кирип чалды колуна түшүрүп турган. Аманкулга мына ушул сыяктуу адамдын типтүү образын түзүүнүн зор милдети коюлган. Анын сахнадагы чыгармачылык ишке шыктуулугу, жөндөмдүүлүгү мына ушул образды түзүүдө бөтөнчө көрүнгөн болучу.

Студия 1929-жылы январда улуу орус элинин классиги Гоголдун «Текшерүүчү» деген комедиясын, ушул эле жылдын апрелинде Фурмановдун «Козголоң» деген драмасын коюшту. «Козголоңдон» Карабайдын образын Аманкул жакшы ийгилик менен аткарган.

1929—1930-жылкы сезондо студия Островскийдин «Күтпөгөн

жерден алтын табылды» деген драмасын даярдашкан. Жаш коллектив студияны — студиялык турмуштан профессионалдык театрга айландырууда Островскийдин бул пьесасы маанилүү роль ойногон. Ошол учурда студиянын коллективи төрт жылдык окуу программасын ийгиликтүү аяктап калган эле. Бир жагынан окуп, экинчи жагынан пьесаларды даярдап коюу окуучуларды ишке тез машыктырган. Келечекте профессионалдуу театрда актер болуп калуучу коллектив бул спектаклге өздөрүнүн сахнадагы чыгармачылык жактан болгон өсүшүнүн жакшы сапатын көрсөтүшкөн. Островскийдин «Күтпөгөн жерден алтын табылды» деген пьесасынан Аманкулдун үлүшүнө Крутицкийдин образы тийген. Аманкул бул образдын идеялык багытына, мүнөздүүлүгүнө туура түшүнүп, анын ички сезимин таасирдүү кылып иштеген. Аманкул түзгөн образга анын сыйпаган грими да айкалышып көрүүчүлөрдүн көңүлүн өзүнө бурбай койгон эмес.

Профессионалдуу режиссер жана мыкты уюштуруучу Н. Н. Еленин студияда окуу жылынын биринчи башталышынан тартып эле ар бир окуучунун алган билимине, кулк-мүнөздөрүнө, ишке жөндөмдүүлүктөрүнө, кимдин кайсы багытта өсө тургандыгына туура шарт түзгөн болучу. Келечекте боло турган Кыргызстандын театралдык искусствосуна жергиликтүү улуттан чыккан режиссердук кадрдын керек экендигин ал ошол мезгилде эле жоопкерчилик менен сезе билген. Ошондуктан, Н. Н. Еленин башкаларга караганда теориялык жактан даярдыгы жакшы, практикалык иште өзүнүн жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн окуучулардан: А. Куттубаев менен Сабаевди өзүнө ассистент режиссер кылып алган. Ал ошол мезгилден тартып эле жогоруда айтылган эки студентке пьесаны талдоо, ролдорду бөлүштүрүүнүн мааниси, жана актерлор менен иштөөнү кандайча жүргүзүү жөнүндө дайыма үйрөтүп келген. Айрым учурларда режиссердук планды Аманкул менен Сабаевге берип, репетицияны алар аркылуу жүргүзүүчү.

Н. Н. Елениндин бул сыяктуу аракеттери бара-бара Аманкулду актердук иштен режиссердук ишке бурган. Мына ошентип, Аманкул музыкалуу драмалык студияны бүтүп чыкканда, ал өзү менен бирге бүтүрүп чыккан коллективге режиссер болуп калган.

1930-жылы жазында студия өзүнүн төрт жылдык курсун толук аяктады. Ошол эле жылы жайында студиянын бүт коллективи коңшулаш турган бир тууган Өзбек республикасына барышып, Ташкент, Самарканд, Бухара шаарларындагы эмгек-

«Манас» операсынан бир көрүнүш →



чилерге К. Жантөшевдин «Кара чач» аттуу пьесасын коюп, концерт беришкен. Бир тууган өзбек эли жаңы эле өнүккөн кыргыздын театралдык искусствосун жылуу тосуп алышкан. Ал студиянын профессионалдуу театрга айландырууга толук мүмкүндүгү бар экендигин аныктады. Ошол эле жылы күзүндө студия Кыргызстандын мамлекеттик драма театрына айландырылган. Мына ошентип, музыкалуу драмалык студияны бүтүрүп чыгышкан: А. Айбашов, А. Боталиев, А. Куттубаев, Г. Уразбаева, Ш. Түмөнбаев, А. Сарбагышев, Ж. Жүндүбаев, маркум Ө. Жетикашкаев, К. Эшимбеков, К. Айбашева жана башкалар Кыргызстан мамлекеттик драма театрынын актерлору болуп катышкан. Кийинчерээк бул театрга А. Малдыбаев менен А. Куттубаева кабыл алынган болучу.

Жаңы уюштурулган Кыргызстан мамлекеттик драма театры биринчи жолу 1930-жылдын кышкы сезонун драматург К. Жантөшевдин «Алым менен Мария» деген пьесасын көрсөтүү менен ачкан. Андан кийин А. Куттубаев «Болот» деген пьесаны даярдаган. Ошентип, Аманкул Куттубаевдин режиссердук чыгармачылык иши кыргыздын турмушунда биринчи төрөлгөн Кыргызстан мамлекеттик драма театрынын тарыхый өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу.

А. Куттубаев 1931-жылы Байжиевдин «Кырманда», 1932-жылы К. Маликовдун «Касымалы» жана А. Куттубаевдин өзү жазган «Колхоз душмандары» деген пьесаларды даярдап койду. Бул Аманкулдун режиссердук ишке жөндөмдүүлүгүн бекемдеген.

Аманкул 1932-жылы өзүнүн чыгармачылык адистигин, билимин жогорулатуу үчүн Москвада ачылган кыска мөөнөттүү режиссердук курска барган. Анда театрда социалисттик реализм методунун негизин түзгөн советтик театралдык искусствонун улуу ишмери К. Станиславскийдин системасын өтөт. Москвадагы театрларды көрүп, анда тажрыйбалуу режиссерлордун иштери менен таанышып, өзүнүн тажрыйбасын байыткан. Анын пьесаларды талдоо, актерлор менен иштөө методикасы жакшырган.

Аманкул 1934-жылы күзүндө драматург Р. Шүкүрбековдун «Бейит арасында» деген драмасын койгон. Ал пьесанын негизги идеясында — колхоздук-коомдук турмушка зыян келтирген өлүп бара жаткан таптардын калдыгы болгон—басмачылардын бети ачылган. Басмачылар бейитке жашынышып түн ичинде ал жерден өткөн ак ниеттүү колхозчуларды, активдерди каракчылык менен өлтүрүшкөндүгү көрсөтүлгөн болучу.

1934-жылы Кыргызстан мамлекеттик драма театрынын өнүгүү жолунда зор бурулуш болду. Кыргызстан мамлекеттик драма театры 1934—1935-жылкы сезондо жаш драматург Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» аттуу музыкалуу драмасын даярдап коюшту. Бул музыкалуу драма өзүнүн идеялык-саясий багыты боюнча, сюжети жана окуясынын тереңдиги, мазмундуулугу жагынан ошол мезгилге чейин театрдын сахнасында коюлуп келген кыргыз пьесаларынын күчтүүлөрүнөн болуп саналган. «Ажал ордуна» аттуу музыкалуу драма—падышачылыкка каршы көтөрүлгөн кыргыз элинин 1916-жылкы массалык көтөрүлүшүн кучагына алган тарыхый, лиро-эпикалык пьеса болгон. Идеялык жагынан туруктуу, көркөмдүк жагынан күчтүү жазылган бул пьесанын театрда коюлушу республикада драматургиялык иштин алга кадам шилтегендигин көрсөткөн.

«Ажал ордуна» аттуу пьесадагы көңүл бөлөрдүк биринчи бөтөнчөлүгү тең жарымына жакыны ыр менен жазылгандыгында болучу. Бул иш спектаклге музыканын жазылышын, обондордун чыгарылышын талап кылган. Экинчиден мурда музыкасыз жазылган драмаларда ойноп келген актерлорду ырдоого көнүктүргөн. Бул иште айрыкча А. Боталиев, А. Куттубаева, А. Малдыбаев жолдоштордун өзгөчө таланттуулугу көрүнгөн эле.

«Ажал ордуна» аттуу музыкалуу-драманын коюлушу актерлордун гана эмес, ошону менен бирге жергиликтүү улуттан чыккан режиссердук кадрды да зор сыноодон өткөргөн эле. Режиссер болбой туруп пьеса сахнада өзү көрүнбөй тургандыгы баарыга белгилүү. А. Куттубаев өзүнүн режиссердук тажрыйбасынын али өсүп жетилбегендигине карабастан, «Ажал ордуна» аттуу музыкалуу драманы режиссердук чыгармачылыктын жогорку деңгелинде даярдап койгондугу коомчулукка белгилүү. Аманкул бул пьесаны коюуда, ал өзүнүн студиядан жана Москвага барып курстан алган теориялык билимин туура пайдаланды. Ал автордун идеясына туура түшүнүп, аны актерлорго туура түшүндүргөн жана ар бир образдын өз ордунда түзүлүшүн талап кылган. Мына ошондон тартып Аманкулдун режиссердук чыгармачылык эмгеги кыргыздын театралдык искусствосунун кадрларына бөтөнчө баалана баштаган.

Кыргызстан Компартиясы менен Кыргызстандын өкмөтү республикадагы театралдык искусствонун өнүгүшүнө жана өсүшүнө зор маани берип ага ар дайым камкордук кылып келген. Ал Кыргызстан Эл Комиссарлар Советинин 1935-жылкы

марттагы «Кыргызстан мамлекеттик театрынын иши жөнүндө» деген токтомунда ачык көрсөтүлгөн болучу. Анда кыргыздын улуттук театрынын мындан аркы маданий деңгелинин өсүшүнүн негизги багыты болгон актерлордун, режиссердук кадрлардын чыгармачылык деңгелин жакшыртуу чаралары каралган.

Кыргызстан Компартиясы менен Кыргызстан өкмөтүнүн ушул сыяктуу конкреттүү чараларынын негизинде 1935-жылы күзүндө Москвадагы Луначарский атындагы мамлекеттик театралдык институттун алдында актердук кадрларды даярдоо үчүн атайы кыргыз студиясы ачылган, жана кыргыз театрынын жетекчи кадрларын даярдап чыгаруу үчүн бул институттун режиссердук факультетине Өмүркул Жетикашкаев менен Аманкул Куттубаев жиберилген. А. Куттубаев 1931-жылдан 1935-жылга чейин Кыргызстан мамлекеттик драмтеатрдын башкы режиссеру болуп иштеген.

Кыргыздын театралдык искусствосунда 1936-жылы зор бурулуш болду. Кыргызстандын Компартиясы менен Кыргызстандын өкмөтүнүн түздөн-түз камкордугу аркасында театрга улуу орус элинин театралдык искусствосунун тажрыйбалуу адистери чакыртылды. Кыргызстан мамлекеттик драма театры — музыкалуу драмтеатрга айландырылып, театрдын спецификалык структурасы өзгөрдү. Кыргызстан мамлекеттик музыкалуу драма театры 1937-жылы акын драматург Ж. Бөкөнбаевдин либреттосу боюнча жазылган композитор Власов менен Ферренин «Алтын кыз» аттуу музыкалуу драмасын көрсөткөн. Бул театрдын коллективин музыкалык жанрда да ойноого жөндөмдүүлүгүн аныктаган.

Кыргызстан Борбордук партия комитетинин бюросунун 1938-жылы 23-апрелдеги кабыл алган токтомунун негизинде Кыргызстан мамлекеттик музыкалуу драма театры Москвада боло турган кыргыз искусствосунун декадасына кызуу даярдыктарды көрө баштады. Театрдын чыгармачылык коллективинин штаты түп-тамырынан өзгөрдү. Ал мурда болбогон өлчөмгө көбөйтүлдү.

1938-жылы жайында декадалык спектаклге катыштыруу үчүн Москвадагы Луначарский атындагы театралдык институтта окуп жаткан режиссер А. Куттубаев менен Ө. Жетикашкаев бир жылга Фрунзе шаарына чакырылган болучу. «Ажал ордуна» музыкалуу драмасы менен кыргыз элинин тарыхында биринчи жолу жазылган «Айчүрөк» операсын коюу иши кыргыздын жаш режиссеру, театралдык институттун студенти

А. Куттубаевге жана режиссердугу В. Я. Васильевге тапшырылган.

Декадалык спектаклдерди коюуда А. Куттубаевдин режиссердук чыгармачылык таланты бөтөнчө көрүнгөн. Ал, Москвадагы Луначарский атындагы театралдык институтта окуп жүргөн мезгилинде, советтик театралдык искусствого социалисттик реализмди киргизген, улуу орус элинин театралдык искусствосунун улуу мастерлери Станиславский менен Немирович-Данченкодон таалым алган искусствонун көрүнүктүү мастерлери: профессор В. Г. Сахновскийден жана В. А. Орловдон окуган. Бул жерде Аманкул искусстводогу чыныгы социалисттик реализмди көрдү, сахнада Станиславскийдин системасында иштөөнүн сонун илимин өздөштүргөн.

Театралдык искусстводо режиссер маанилүү орунду ээлей тургандыгын эч ким тана албайт. Ал автордун идеясын туура талдоо үчүн коомго, турмушка кеңири байкоо жүргүзөт. Пьесадагы персонаждардын образдарын жандуу кылып көрсөтүүнүн реалисттик жолун издейт. Режиссер күчтүү болбой туруп пьесанын сапаты көрүүчүлөргө жетпей тургандыгы белгилүү. Ал баарыдан мурда театрдын чыгармачылык коллективин социалисттик реализмге карай багыттай турган тарбыячы. Демек, режиссер пьесаны талдоодо, анын чыгармачылык жана фантазиялык күчү — театрдын бардык башка чыгармачылык актёрлорунан жогору туруу керек. Теориялык жактан даярдыгы бар, практикалык иште такшалган режиссер гана өз ишинде кыйынчылыктарды жеңип чыга тургандыгы белгилүү.

Пьесаны даярдоо автор менен режиссердун негизги идеясы, алган багыты, ою, көз карашы бири-бирине айкалышып турушу иштин илгери болушун көрсөтөт.

Драмалык чыгармадагы негизги конфликти — автор менен режиссердун спектаклдеги идеялык багытынын ачык жана так болушун шарттаса, ал эми спектаклдин көркөмдүү, элестүү болушу, андагы образдардын чындыкка байланышы — режиссердун турмушка, коомго үзгүлтүксүз байкоо жүргүзгөндүгүнүн натыйжасын көрсөтөт. Актерлорго — образдардын мүнөздөрүн түшүндүрөт жана үйрөтөт. Художник менен спектаклдин мүнөздүүлүгү жана анда жүргөн окуянын орду жөнүндө иштешет. Демек, автордун негизги идеясын сахнада жандуу образдар менен элестүү кылып көрсөтүүдө режиссер пьесанын экинчи автору сыяктуу орунду ээлейт.

Ал эми драманы коюу менен музыкалуу драманы же операны даярдап коюунун ортосунда маанилүү айырмалуулуктар



Аманкул «Козголоң» пьесасындагы Карабайдын ролунда.

бар. Музыкалуу драма же опералык спектаклдерди коюу иши драманы даярдоого караганда ишти эки-үч эсе көбөйтөт жана татаалдаштырат. Анда режиссер спектаклди даярдоо үчүн драматург, актер, художник менен гана иштешпестен ошолор менен бирге ал композитор, балетмейстер, режиссер-хормейстер менен да иштеши зарыл. Муну музыка менен байланышкан опералык искусствонун спецификалык өзгөчөлүгү өзү талап кылат. Бирок бул жерде драма театры менен опералык театрдын режиссерлорунун ортосунда бөтөнчө чек коюп түшүнүүнүн өзү эле жаңылыштык болор эле. Кайдай гана театрдын режиссеру болбосун тажрыйбалык иште ал өзүнүн чыгармачылык иштеги таланттуулугу, сахнанын бардык тетиктерин мыкты билгендиги менен маанилүү орунду ээлейт. Аманкул опералык искусстводогу бул сыяктуу көп кырдуулукка туура түшүнгөн. Мына ошондуктан ал декадалык спектаклди ийгиликтүү иштөө үчүн өзүнүн режиссердук планын театрдагы ква-

лификациялуу адистердин иштери менен бирдикте түзгөн. Ал баарыдан мурда музыкалык искусстводо мыкты тажрыйбасы бар театрдын башкы дирижёру В. В. Целиковский, балетмейстер Н. С. Холфин, режиссер В. Я. Васильев жолдоштор менен дайыма кеңештеш болгон. Улуу орус элинин адистери менен досторчо түзүлгөн мамиле, жаш режиссердун чыгармачылык ишин ийгиликке жеткирген. Бул иште анын режиссердук уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү көрүнгөн болучу. «Ажал ордуна» аттуу музыкалуу драманы жана «Айчүрөк» аттуу операны режиссер А. Куттубаев, бийлерди балетмейстер Н. С. Холфин койгон. Ал эми декадалык спектаклдердин режиссеру болуп А. Я. Васильев иштеген. Бул спектаклдер күнү бүгүнкүгө чейин көрүүчүлөр тарабынан кеңири жактырылгандыгын эч ким тана албайт

Кыргызстандын өкмөтү А. Куттубаевдин режиссердук чыгармачылык ишине бөтөнчө көңүл бөлүп, «Ажал ордуна» музыкалуу драма менен «Айчүрөк» операсы сахнада коюлгандан кийин, анын чыгармачылык жактан жетишилген режиссердук ишмердигин жогору баалап, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму өзүнүн 1939-жылы майдагы Указы боюнча Аманкул Куттубаевге кыргыз искусствосунун эмгек сиңирген ишмери деген ардактуу наам берген.

1939-жылкы Москвада болгон кыргыз искусствосунун декадасы зор ийгилик менен өткөрүлгөн. Анда Кыргызстан мамлекеттик музыкалуу драма театры Ленин ордени менен, Токтогул Сатылганов атындагы Кыргызстан мамлекеттик филармониясы «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен мындан тышкары 71 адам ордендер жана медалдар менен сыйланган. Ошолор менен бирге Аманкул Куттубаевдин театралдык искусстводогу эмгеги жогору бааланып, ал «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйланган. Кыргыз искусствосунун Москвадагы декадасынан кийин эле А. Куттубаевди Кыргызстан мамлекеттик Ленин ордендүү музыкалуу драма театрынын көркөмдүк жагынан жетекчиси кылып бекиткен. Ал Кыргызстан мамлекеттик музыкалуу драма театрында көркөмдүк жагынан жетекчи болуп иштеп жүрүп, 1940-жылы Москвага барып Луначарский атындагы театралдык институттун режиссердук факультетин ийгиликтүү бүтүрүп чыкты. Мына ошондон тартып А. Куттубаев Кыргызстан мамлекеттик опера жана балет театрынын көркөмдүк жагынан жетекчиси жана режиссеру болуп калды.

* * *

1941-жылы июнь айындагы гитлердик фашизмдин биздин Советтик мекенибизге кол салып кирип келиши, өнүгүп өсүп бара жаткан кыргыздын театралдык искусствосуна да оор кыйынчылыктарды келтирди. Искусствонун, адабияттын бир катар белдүү азаматтары улуу Ата мекенди корго үчүн согушка кетишти. Республикалык жаш балдар театры жабылып, Москвадагы театралдык институтту бүтүрүп келишкен драма актерлору опера жана балет театрына кошулду. Театрдын чыгармачылык коллективи согуштан мурдагы мезгилге салыштырганда тең жарымына жакыны кыскартылгандыгын айтсак жетиштүү болот.

Бирок театрдын коллективи өздөрүнүн моралдык духун төмөн түшүрүшкөн жок. «Баары согушка, баары жеңиш үчүн!» деген ураан алдында тылдагы эмгекчилерди, армиялык бөлүктөрдү, госпиталдарды өздөрүнүн жаңы чыгармалары менен тейлеп турушту. Согуштун эң оор күндөрүндө театрдын коллективи акын драматург К. Маликов менен А. Куттубаевдин либреттосу боюнча жазылган композитор Власов, Малдыбаев, Ференин «Патриот» деген операсын көрсөттү. Бул операны режиссер А. Куттубаев коюп, А. Я. Васильев режиссердук кылган.

Согуш жылдарында актерлор гана эмес, кыргыз элинин көрүнүктүү драматургдары, акындары: Ж. Бөкөмбаев, К. Маликов, Ж. Турусбеков ж. б. жолдоштор да армиянын катарына кетишкен болучу. Бул иш согуш жылдарында опералык искусствону жаңы либреттолор менен камсыз кылууга зор үзгүлтүктөрдү келтирген. Ушундай оор абалга карабастан опера жана балет театры 1942-жылы О. Сарбагышев менен В. Винниковдун либреттосу боюнча жомоктон алынып жазылган композитор Раухвергердин «Көкүл» аттуу операсын көрсөтүштү. Бул операны сахнага А. Куттубаев даярдап, Барысеевич режиссердук кылган.

«Көкүл» операсы жомоктон алынып жазылгандыктан, ал режиссердун фантазиялык ой жүгүртүүсүн талап кылган. Опералык спектакль сахнада драмалык спектаклдердей ойноочулар үчүн кеңири шарт түзбөй тургандыгында талаш жок. Режиссер ага жакшы түшүнөт. Ошондуктан, ал образдарды музыканын мүнөздүүлүгүнө байланыштырып түзүүнү актерлордон талап кылган жана аны актерлорго туура түшүндүргөн. «Көкүл» операсы А. Куттубаевдин театралдык институтту

бүтүрүп режиссердук дипломду алгандан кийин сахнага койгон көрүнүктүү спектаклдеринен болуп эсептелет.

1946-жылы режиссер А. Куттубаев менен А. Я. Васильев акын А. Токомбаев, К. Маликовдун либреттосу боюнча композитор: Власов, Малдыбаев, Ференин «Манас» аттуу операсын койду.

«Манас» операсы өзүнүн сюжети жана ички окуясы жагынан ошол мезгилге чейин кыргыз театрына коюлуп келген кыргыздын улуттук операларынын маанилүү орунду ээлеген спектаклдерден болуп саналган. «Манас» эпосу жөнүндө болгон ар кандай ой жүгүртүүлөр Манастын образын сахнада көрсөтүүдө көп кыйынчылыктарды келтирген. Бирок, аны даярдап койгон ражиссер А. Куттубаев бул учурда эч нерседен тартынган жок. Ал өзүнүн көп жылдык режиссердук тажрыйбасын, коомдун тарыхый турмушу менен байланыштырууга багыттаган. Ошондуктан, режиссер Манасты турмуштагы чындыкка жакындатып көрсөткөн. Натыйжада көрүүчүлөр «Манас» операсын жылуу тосуп алышкан. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму 1946-жылы 1-марттагы Указы менен Куттубаевдин театралдык искусстводогу жетишилген эмгегин жогору баалап, ага Кыргыз ССРинин эл артисти деген ардактуу наамды берген.

Аманкул Куттубаев 1949-жылы режиссер А. Я. Васильев менен бирдикте композитор Бизенин «Кармен» аттуу операсын койду. Бул анын батыш европалык операларды сахнага коюуга биринчи катышканы эле.

1951-жылы Кыргыз республикасынын XXV жылдык юбилейине карата Кыргызстан мамлекеттик Ленин ордендүү опера жана балет театры К. Баялинов менен В. Винниковдун либреттосу боюнча композитор Власов, Малдыбаев, Ференин «Көл боюнда» аттуу операсын даярдашты. Ал операны режиссер А. Куттубаев менен Малявин коюшкан.

«Көл боюнда» аттуу опера өзүнүн идеялык багыты, сюжети жагынан композитор Власов, Малдыбаев, Ференин Улуу Ата Мекендик Согуштан кийинки социалисттик айыл чарбачылыгынын турмушун көрсөткөн жаңы актуалдуу операларынан болуп саналган. Анын либреттосу драматургиялык жактан, операнын айрым талаптарына сыйлыгышпай тургандыгына карабастан композиторлор «Көл боюнда» операны чыгармачылык жактан жакшы иштеп чыгышканын тануугa жарабайт. Андагы массалык хорлор, эмгек маршы жана ушул сыяктуу айрым ариялар көрүүчүлөрдүн сезимине жеткен.

Бул операны сахнада коюуда режиссер А. Куттубаев менен Малявиндин чыгармачылык эмгектери да маанилүү орунду ээлеген. Айрыкча, массалар катышкан картиналар иретсиздикке, тополоңго түшүрбөстөн, режиссер тарабынан мастерлик менен иштеген.

«Көл боюнда» операны коюуда чыгармачылык жактан жетишилген ийгилигин жогору баалап, республиканын XXV жылдык юбилей күнүндө СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1951-жылы 31-марттагы Указы менен Аманкул Куттубаев экинчи жолу «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйланган.

* **

Аманкул ушул жылы күз айларында Москвада өткөрүлө турган кыргыз искусствосу менен адабиятынын декадасына карата драматург-акын Ж. Бөкөмбаев менен К. Маликовдун либреттосу боюнча композитор Власов, Малдыбаев, Ференин «Токтогул» аттуу операсын даярдап бүттү. Бул опера—кыргыз элинин уулу жана демократ акыны Токтогул Сатылгановдун чыгармачылык ишиндеги эң маанилүү этаптарды көрсөтө турган тарыхый спектакль.

«Токтогул» операсы мындан мурда эки жолу коюлган болучу.

Бирок, «Токтогул» операсынын биринчи жана экинчи варианттарында улуу акындын элге таандык болгон эң маанилүү образы ачык көрүнбөй калгандыгы көрүүчүлөр тарабынан адилеттүүлүк менен сынга алынган. Андагы кемчиликтер негизинен операнын либреттосу менен музыкада болгондугу ачык көрсөтүлгөн. Биринчи жана экинчи вариантта Токтогул бийик чыгуучу үнгө (тенорго) жазылгандыгы да айтылган. Ошентип, Токтогул операсынын либреттосу менен музыкасында улуу акындын образы көрүүчүлөрдү өзүнө тарткандай кылып, кайра иштелип чыгышы, турмушка жакындатылышы композитор менен автордон талап кылынган эле.

Ушул күндө Кыргызстан мамлекеттик Ленин ордендүү опера жана балет театры «Токтогул» операсынын премьерасын көрсөтө баштады. Бул анын үчүнчү варианты. «Токтогул» операсын даярдоо иши режиссер А. Куттубаевга тапшырылган. Ал бул операнын үстүндө кызуу иштеди.

Аманкул Куттубаев—кыргыз элинен чыккан биринчи режиссер. Анын өмүрү жана чыгармачылык иши өнүгүп өскөн кыргыздын театралдык искусствосунун тарыхый жолу менен тыгыз байланыштуу. Музыкалуу драмалык студиянын скамейкасында

бирге олтурушкан жана Кыргызстан мамлекеттик драма театрына айландырылганда анын сахнасында көп жылдар бою бирге иштешип келишкен азыркы Кыргыз ССРинин эл артисттери: А. Боталиев, А. Куттубаев, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери А. Айбашов, Ш. Түмөнбаев, А. Сарбагышов, Г. Урозбаева, артист Т. Кулмухамбетов, маркум: К. Эшимбеков, К. Айбашова, Ө. Жетикашкаев ж. б. кыргыздын театралдык искусствосунун негизин салуучулары болуп саналат. Аманкулдун режиссердук чыгармачылык ишмердигинин алгачкы мезгили мына ушул актерлор менен бирге иштөөдө өсүп жетилген.

Аманкул, опералык искусствонун ишин чыңдоодо көп жылдардан бери кыргыз элинин биринчи композитору, СССРдин эл артисти А. Малдыбаев, жана Кыргыз ССРинин эл артисткалары: С. Кийизбаева, Махмутова, М. Мустаева, искусствонун эмгек сиңирген ишмерлери А. Я. Васильев, Н. С. Холфин, композитор Власов, Фере жана башка ишмерлер менен бирдикте иштегендик анын чыгармачылык ишмердигин жакшыртты.

Аманкул ушул күндө опералык искусстводо театрдын жаш жана таланттуу актерлору менен иштеп жатат. Алардын арасында:Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери К. Чодронов, А. Жумабаев, Г. Иманкулова, М. Эркинбаева, театрдын көрүнүктүү актерлору А. Мырзабаев, С. Токтоналиев, С. Бекмуратова, И. Деркембаева жана башкалар бар.

Аманкул режиссер гана эмес, ал драматург. Ал 1933-жылы «Колхоз душмандары» деген драма жазган. Бул драма драматургиялык жактан айрым кемчилигине карабастан, ошол мезгилде жаңыдан уюштурулган колхоздук коомдук чарбанын мүлкүнө зыян келтирген жат таптардын өкүлдөрүнүн бетин ачкан пьеса болучу. «Колхоз душмандарындагы» Бокмурун менен Дерденбайдын образдарында колхоздук коомдук чарбага пайда келтирбей турган, эмгектен качкан, жатып ичер ууруларды типтүү мүнөздөрүн ашкерелеген. Бул пьеса ошол мезгилде коллективдүү чарбанын ишин чыңдоого, жалкоолорду, араккечтерди катуу сынга алып, ал эми жат элементтерди коомдук иштен четтетүүдө өз милдетин өтөгөн.

А. Куттубаев К. Маликов менен бирдикте «Жаңыл» жана «Биз баягы эмеспиз» деген драманы жазды. «Биз баягы эмеспиз» деген пьеса 1950-жылы Кыргыз ССР маданият Министерствосу тарабынан жарыяланган конкурста экинчи сыйлыкты алууга татыктуу болгон: «Жаңыл» драмасы бир топ жылдан бери сахнадан түшпөй келе жатат.

НАРОДНЫЙ АРТИСТ КИРГИЗСКОЙ ССР АМАНКУЛ КУТТУБАЕВ

Текстти түзгөн

*К. Күмүшалиев*

(на киргизском языке)

Редактор *Д. Сулайманов*
Худ. редактор *И. А. Ефимов*
Тех. редактор *М. А. Тюряев*
Корректор *Р. Шаманаева*

Терүүгө 2/VII 1958-ж. берилди. Басуута 10/VII 1958-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы $60 \times 84^1/_{16}$ 1,5 физ. басма табак. 1,5 шарттуу басма табак 0,89 учеттук табак Тиражы 3000 Заказ № 1616. Баасы 35 т.

Фрунзе, тип. № 1 Главиздата Мин. культ. Кирг. ССР.